01-5

# Ж.Бактияров атындагы орто мектеби

***Негизги ишмердүүлүк маселелери боюнча мамлекеттик бийликтин аткаруу органдары, жергиликтүү бийлик органдары менен кат алышуулар***



**Сактоо мөөнөтү 5 жыл**

**Кичи-Өрүктү айылы.**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
Ж.БАХТИЯРОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКТЕБИ
МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
СРЕДНЯЯ ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНАЯ ШКОЛА ИМЕНИ Ж.БАХТИЯРОВА
ИНН 01305200410301
№ 14
«11» 04 2018 ж.г.
село КИЧИ-ӨРҮКТҮ айылы

Имеров Кудаяр Бейшеевичке

Түп районундагы

Жумабек Бактияров атындагы

Кичи-Өрүктү орто мектебинен

мугалимдер жааматынан

# Кайрылуу

Кайрылуубуздун себеби Сиз туулуп, өскөн айылдын мектебине кандайдыр бир көйгөйлөр жаралып, чечүү жолдорун издеп, илим билимге аралашып, төбөсү көрүнгөн Сиздей айылдын кулунуна кайрылып жатабыз. 2000-жылы салынган 1-корпустун жыгач эшик, терезелери эскирип быйылкы кыш мезгилинде класстар өтө суук болуп окуучулар үшүдү. Ошол себептен пластик терезелерге алмаштыруу үчүн Сиз аркылуу кайрымдуу уюмдар же долбоор болсо биз тарапка жардам берүүнүздү суранам. Ысык-Көл өнүктүрүү фонду спорт зал салып жатат. Айыл өкмөтү тарабынан спорт инвентарь берилди жана быйылкы жылга 175000 сом ашкана салууга бөлүнүп жатат. Ошондуктан Сизге кайрылып жатабыз. Алдына алуу менен ыраазычылык билдиребиз

Мектеп директору: ____________________ К. Т. Булакеева.

Кыргыз Республикасы
Ысыккел облусу
ИНН 01305200•10301
« 02 » 03 2018 ж.г.
№ 6
с. Кичиоруктү а.

Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн
Ысык-Көл обласынын ыйгарым укуктуу
өкүлү Акибаев Аскат Акибаевичке
Кичи-Өрүктү айылындагы Ж.Бактияров
атындагы орто мектебинин директору
Булакеева Кундуз Токтобаевнадан жана
мугалимдер жааматынан

# Кайрылуу кат

Биздин Сиз тарапка кайрылуубуздун себеби мектепте окуу корпусунан тышкары балдар үчүн эч кандай кошумча билим берүүгө жана маданий массалык иштерди өткөрүүгө,ден-соолукту чыңдоо үчүн спорт оюндарына катышууга,мелдештерди өткөрүүгө шарт жок.

Мектеп эле эмес айыл тургундары үчүн дагы бул кейиштүү маселе,себеби Кичи-Өрүктү айылы боюнча ФАП жана мечит гана орун алган.Мындан сырткары клуб,китепкана сыяктуу эч кандай эс алуучу4 жай жок.

Ошол себептен айыл үчүн канча жылдан бери спорт зал өтө маанилүү ,көйгөйлүү чечилбеген маселе болуп келе жатат.

Биз мугалимдер жааматы Сизден көптөн көп сураныч менен ушул кайрылуу каты жазып үмүтүбүздү үзбөй отурабыз.

Себеби,бул күнгө чейин атка минерлердин тил эмизген сөзү менен келдик.Эми Аскат Акибаевичке Сизден жыйынтык чыгып биз талапка кайдыгер карабайт деп ишенебиз.Жаштар биздин келечегибиз,алар үчүн кам көрөлүк.Сизге алдын ала ыраазычылык менен мектеп жааматы.

Сметасы түзүлгөн.документин бардыгын фонтко өткөзөбүз.

Мектеп директору:____________________К.Булакеева.

Мугалимдер жааматы:

Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги
Ж.БАХТИЯРОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКТЕБИ
МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
СРЕДНЯЯ ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНАЯ ШКОЛА ИМЕНИ Ж.БАХТИЯРОВА
ИНН 01305200410301
№ 78
«24» 11 2021 ж.г.
село КИЧИ-ӨРҮКТҮ айылы

Түп районундагы Кудургу айыл округунун
башчысы Р.Д.Сарымсаковко
Ж.Бахтияров атындагы орто мектебинин
директору Сагибаев Аралбек Турсуналыевичтен

Кайрылуу

Мен,Сиз тарапка кайрылуумдун себеби мугалимдердин ишмердүүлүгүн жакшыртуу максатында бир даана принтер 3\1, экинчи корпустун плафондору жараксыз абалда болгонуна байланыштуу 5 даана плафон,2-корпуска ысык суу киргизүүгө бочка 200л,аристон 80л жана мектептин чатырларын өрткө каршы атайын «НЕГОРИН»суюктугу менен чачу үчүн 50л «НЕГОРИН»суюктугун алып берүүнүздү суранам.

Мектеп директору: Сагибаев А.Т.